**ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин**
**анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасынын**
**кезектүү отурумунун**
**№4 ПРОТОКОЛУ**

**2025-жылдын 25-ноябры**
*Өтүлүүчү жай: Ош ш., ЭАМФ, АГНФ кафедрасы, 108-окутуучулар каанасы*

1. Төрага –Джолдубаев С.Дж.
2. Катчы – Ташимбетова Ү.К.
3. Катышкандар: 20
4. Катышпагандар: 1

**Күн тартибинде:**

1. **Кафедранын дисциплиналары боюнча I модулдун жыйынтыктары жөнүндө (Жооптуу: ПО курамы);**
2. **Студенттердин илимий-изилдөө иштерин уюштуруу схемасы жана өткөрүү жөнүндө (Жооптуу: С.Бакиров);**
3. **Кафедранын предметтери боюнча китеп фондун анализдөө, аны иштеп чыгуунун механизмдери жана аларды толуктоо жөнүндө (Жооптуу: С.Дж.Джолдубаев);**
4. **QS рейтингинин критерийлеринин негизинде сайттын вебометрикалык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу боюнча кафедранын иш-аракеттери жөнүндө (Жооптуу: С.Шералиева);**
5. **Ар түрдүү маселелер.**

**1.Угулду. Кафедра башчысы С.Дж.Джолдубаев** күн тартиби менен окутуучуларды тааныштырып, 2-курстун студенттери үчүн “OSTA”, “Human physiology 2” предметтери боюнча I модул аяктагандыгын белгиледи. Ошого карата кафедрадагы аталган предметтеринин окутуучулары М.К.Нуруев, Асанбек кызы К., С.Бакиров, У.Ашимов, Пайзилдаев Т., Байгашкаев Э., Орозбек у.Т., А.Аргынбаева кезек-кезеги менен сөзгө чыгып, модулда студенттердин алган баллдарына талдоо жүргүзүшүп, модулдун жүрүшү жана жыйынтыгы боюнча эсеп-кысап беришти.

**1. Угулду. Сөзгө улук окутуучу Асанбек кызы Канымгул чыкты:** I модулда контракттык акы төлөмдү төлөбөгөндүгү үчүн кээ бир студенттердин модулдук баллдарын системага түшүрүүгө мүмкүнчүлүк болбогондугун, качан гана студенттер акы төлөм жүргүзгөндөн кийин гана баллдарды коюуга мүмкүнчүлүк университет тарабынан бериле тургандыгын айтып өттү.

**2.Угулду. Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев сөзүн улай:** “Сиздер студенттер менен биргеликте иш алып барып жатканыңыздар, аларга илим-изилдөө иштеринде багыт көрсөтүп, аларды илимий-практикалык конференцияларга катыштырып, илимий иштерине жетекчилик кылып, алар менен илимий макалаларды жазып, жарыялап жатканыңыздар дурус иш. Анда эмесе 2-маселе боюнча сөздү кафедранын “Жаш морфолог” студенттик илимий ийриминин жетекчиси С.Бакировго узаталы”, - деди.

**2.Угулду. СИИнин жетекчиси С.Бакиров сөзгө чыкты**: “Саламатсыздарбы урматтуу окутуучулар! Кафедрабыздын доценти Н.Ташматованын жетекчилиги астында ЛКУ-24 тайпасынын 2 студенти ийгиликке жетишти. Гүлзада Бекетаева ВММУда өткөрүлгөн гистологиялык көркөм сүрөт сынагынан “Вторичный фолликул” деген темадагы сүрөтү үчүн 2-орунду ээледи. Макарова Радость 14-ноябрда ВММУ уюштурган «Тамак сиңирүү системасы» аттуу гистология боюнча эл аралык онлайн олимпиадага активдүү катышып, сертификатка ээ болду. Андан тышкары кафедрабыздын окутуучусу

Сканировано с CamScanner

Манас кызы Уулкан 1-курстун студенттери менен биргеликте Двиведи Химаншу "Ар кандай курактык топтордогу тимустун салыштырмалуу гистологиялык өзгөчөлүктөрү" деген темасында, ал эми Ритика Деви менен "Уйку безинин эндокриндик аралчаларынын клеткалары" деген темасында биргелешип илимий макала жарыялашты. Калган окутуучулар да студенттер менен иштешип жатышат", - деп сөзүн жыйынтыктады.

**3.Угулду. Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаев сөзүн улады:** "Кафедранын дисциплиналары боюнча китепканада китептер жетиштүү, ал эми кафедранын китеп фонду жөнүндө айта кетсем: ар окуу жылында кафедрабыздын китеп фонду окутуучуларыбыз тарабынан окуу-усулдук колдонмолор, студенттерге арналган иш дептерлери менен толукталып келет. Азыркы учурда М.К.Нуруев экөөбүз биргеликте англис тилинде 2 окуу-усулдук колдонмо чыгаруунун үстүндө иштеп жатабыз. Окуу-усулдук колдонмобуз жарыкка чыкса, кафедранын китеп фонду клиникалык анатомия боюнча 2 окуу-усулдук колдонмого толукталып көбөйөт деп айта алам", - деди.

**4.Угулду. Кафедранын сайтына жооптуу С.И.Шералиева сөзгө чыкты:** "Саламатсыздарбы! QS рейтингинин критерийлеринин негизинде сайттын вебометрикалык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу боюнча иштер тынымсыз жүрүп жатат деп айта алам, анткени жаңылыктарды өз убагында киргизебиз, андан тышкары кафедрада жүрүп жаткан окуу-усулдук, илимий-изилдөө, тарбия, студенттердин илимий-изилдөө иштери жана эл аралык байланыштар жөнүндө маалыматтар баары тең 3 тилде (мамлекеттик, расмий, англис тилинде) жүктөлөт. Өзүңүздөр билгендей, азыркы убакта сайттын иштери аябагандай көп болуп жаткан учуру, анткени 2026-жылдын апрель айында факультетибиз НААР агенттиги тарабынан аккредитациядан өтүүгө даярданып, сайтты жогорку деңгээлге чыгаруу аракеттери жүрүп жатат. Аны ишке ашыруу үчүн кафедранын активдери жалпы ПО курамы менен биргеликте жумуштарды өз убагында аткарып, иш кагаздарды бизге даярдап беришиңиздер зарыл", - деп сөзүн жыйынтыктады.

**5.Угулду: ар түрдүү маселелер боюнча кафедранын завучу, 3-курсунун аспиранты Тойчиева Зарина Жамалдиновна сөзгө чыгып,** 2024-2025-окуу жылы үчүн аспирантура бөлүмүнө даярдаган эсеп-кысабы менен тааныштырып өттү. Анда диссертациянын 2 бөлүмү жазылып, Scopusta 1 макала, РИНЦте 3 макала чыкканын жана эл аралык конференцияда постер доклад менен катышканын айтып өттү.

Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап, айтылган сунуштарды эске алуу менен анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасы төмөнкүдөй

## Токтом кылат:

1. **Кафедра башчы С.Дж.Джолдубаевдин маалыматы эске алынсын.**

**1.1.Окутуучулар тарабынан берилген кафедранын дисциплиналары боюнча I модулдун жыйынтыгы жөнүндө эсеп-кысаптары канааттандырарлык деп табылсын.**

2. **Студенттердин илимий-изилдөө иштери канааттандырарлык деп эсептелсин.**
3. **Кафедранын предметтери боюнча китеп фондун толуктоо аракеттери улантылсын.**
4. **QS рейтингинин критерийлеринин негизинде сайттын вебометрикалык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу боюнча ПО курамынын иштери күчөтүлсүн.**
5. **Кафедранын 3-курсунун аспиранты Тойчиева Зарина Жамалдиновнанын эсеп-кысабы канааттандырарлык деп табылсын.**

**Төрага:** [signature] **С.Дж.Джолдубаев**

**Катчы:** [signature] **Ү.К.Ташимбетова**

Сканировано с CamScanner

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Эл аралык медицина факультети**
**анатомия, гистология жана нормалдуу физиология**
**кафедрасынын кезектүү отуруму**

**2025.25.11.**

**КАТЫШУУ БАРАКЧАСЫ**

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Джолдубаев Сагынбек Джаркынбаевич | Кафедра башчысы, м.и.к., доцент | | |
| 2 | Аргынбаева Акмарал Турдалыевна | Б.и.к., доцент | | |
| 3 | Тороев Дурусбек Исанович | Улук окутуучу | | |
| 4 | Нуруев Мирлан Камалович | Улук окутуучу | | |
| 5 | Асанбек кызы Канымгул | Улук окутуучу | | |
| 6 | Пайзилдаев Тимур Рашидинович | Улук окутуучу | | |
| 7 | Алимбекова Айпери Алимбековна | Окутуучу | | |
| 8 | Арапов Алимбек Замирович | Ассистент-стажер | | |
| 9 | Ашимов Урмат Арстанбекович | Окутуучу | | |
| 10 | Байгашкаев Эртегин Сапарбекович | Окутуучу | | |
| 11 | Бакиров Санжар Бакирович | Окутуучу | | |
| 12 | Киргизбаева Умида | Окутуучу | | |
| 13 | Максимова Канышай Зариповна | Окутуучу | | |
| 14 | Манас кызы Уулкан | Окутуучу | | |
| 15 | Орозбек уулу Турсунбек | Окутуучу | | |
| 16 | Ташимбетова Умут Капаровна | Окутуучу | | |
| 17 | Тойчиева Зарина Жамалдиновна | Окутуучу | | |
| 18 | Эргешова Аида Масалбековна | Окутуучу | | |
| 19 | Шералиева Самара Ибраимовна | Методист | | |
| 20 | Кубанычбек кызы Асел | Лаборант | | |
| 21 | Сонунбек кызы Бубусара | Улук лаборант | | |

Сканировано с CamScanner